УДК: 82.1
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-148-151

**Субанбекова А.М.**
окуутучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
subanbekovaa@list.ru
**Субанбекова А.М.**
преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
subanbekovaa@list.ru
**Subanbekova.A.M.**
Lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
subanbekovaa@list.ru

# С. ЭРАЛИЕВДИН ПОЭМАЛАРЫНЫН КӨРКӨМДҮК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

# ХУДОЖЕСТВЕННЫЕ ОСОБЕННОСТИ ПОЭМ С. ЭРАЛИЕВА

# ARTISTIC IDEOLOGY PECULARITIES IN POEMS OF S. ERALIEV

**Аннотация:** Белгилүү кыргыз акыны, Кыргыз Республикасынын Баатыры С. Эралиев кыргыз поэзиясын жаңы ритммелодика, анын ичинде ак ыр менен байытты, көп жагынан улуттук поэзиянын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтти. Ал «Ак Мөөр», «Өмүрлөргө саякат», «Көчкөн булуттар» сыяктуу ырлардын жана башка чыгармалардын автору. Макалада кыргыз поэзиясында жаңы багытты ачкан чыгарма болгон Эралиевдин поэмасынын көркөм идеологиясынын өзгөчөлүктөрү изилденет.

**Негизги сөздөр:** поэзия, жанр, көркөм идеялык өнүгүү, поэма, көркөм процесс, жанрдын пайда болушу, жанрдын өзгөчөлүгү.

**Аннотация:** Известный кыргызский поэт, Герой Кыргызской Республики С. Эралиев обогатил кыргызскую поэзию новой ритмомелодикой, в том числе белым стихом, во многом расширил возможности национальной поэзии. Он является автором таких поэм, как «Поэма о любви», «Путешествие в жизнь», «За кочующими облаками», и других произведений. В статье исследуется особенности художественной идеологии одной из поэм С. Эралиева, которая является произведением, открывшим новое направление в кыргызской поэзии.

**Ключевые слова:** поэзия, жанр, художественное идейное развитие, поэма, художественный процесс, появление жанра, особенность жанра.

**Annotation:** The famous Kyrgyz poet, Hero of the Kyrgyz Republic S. Eraliev enriched Kyrgyz poetry with new rhythmomelodics, including white verse, greatly expanded the possibilities of national poetry. He is the author of such poems as «A poem about love», «Journey into life», «Beyond the wandering clouds», and other works. The article examines the features of the artistic ideology of one of S. Eraliev's poems, which falls in love with a work that has opened a new direction in Kyrgyz poetry.

**Keywords:** poetry, genre, artistic ideological development, poem, artistic process, genre appearance, genre peculiarity.

Кыргыз адабиятынын өнүгүү тарыхында 60 жана 70-жылдар өзгөчө орунда турат. Анткени кыргыз көркөм маданияты ар тараптан өнүгүп, Г.Гачев айткандай «тездик менен өнүгүүгө» туш болду. Бүтүндөй кыргыз адабиятынын көркөм-эстетикалык туу чокусу боло ала турган чыгармалар ушул жылдары жазылды. Биринен бири уникалдуу таланттар ушул жылдары келип кирди да, эң мыкты көркөм туундуларды беришти. Мына ушул өзгөчө өнүгүүнүн себептери катары биз буларды көрсөтөт элек: биринчиден кыргыз акын-жазуучулары мурдагы жылдарга салыштырмалуу интеллектуалдык-рухий, эстетикалык жактан даярдыктан өтүшкөн; экинчиден, жалпы союздук аренадагы коомдук-сасяий өзгөрүүлөр, башкача айтканда Хрущевдин «жазгы баарынын» жел аргысы кыргыз акын-жазуучуларына да келип жетип, мурунку жылдарга салыштырмалуу чыгармачылык эркиндик кайсы бир деңгээлде орной баштаган; үчүнчүдөн, бул Айтматовдун доорунун башталышы, 70-жылдары анын дүркүрөп өнүгүшү, кыргыз көркөм маданиятынын бардык тармагына, бардык жанрларына таасирин тийгизди.

Кыргыз прозаикасы менен тең катар поэзия жанрынын өнүгүшүнө жаңы ысымдар келип кирди. Алар С. Эралиев, Р. Рыскуловдор поэзиянын наркына жаңыча көз карашты жаратышты. Алардын чыгармачылыгынын айланасында катуу талаш-тартыштар жүрдү. Негизинен бул жылдары таланттуу акындардын өзүнчө бир мууну келип кирди жана алар абдан түшүмдүү эмгектеништи.

60-70-жылдардагы поэмалардын ирдүүлөрүнөн А. Токомбаевдин «Комуз күүсү», К. Маликов «Аскадан үн», «Алтын жип», «Мылтык», Т. Үмөталиевдин «Кундузкан», «Баатыр», «Кызыл жар», А. Токтомушев «Сүйүү жана коркунуч», С. Эралиевдин «Уяң жылдыздар», «Көк сулуу», «Жаңыл Мырзанын керээзи», С. Жусуевдин «Үмүт», «Жаркын», «Жылдыздуу тоолор», М. Буларкиева «Алыкул», Н. Байтемиров «Чолпонбай», «Эки жар», «Кожомкул», Ж. Садыковдун «Калча», Т. Байзаков «Паризат», С. Абдыкадырова «Кездешүү», О. Султанов «Магистраль» сыяктуу чыгармаларды жаратышты. Бул чыгармалар кыргыз поэзиясындагы поэма жанрынын масштабын андан ары кеңейтти.

Аталган акындардын ичинен С. Эралиевдин чыгармачылыгы өзгөчө бөлүнүп турат. Анын ылары 1939-жылдан баштап жарыялана баштаган. Биринчи поэтикалык жыйнагы «Биринчи жаңырык» деген ат менен 1949-жылы жарык көргөн. Сүйүнбай Эралиев кыргыз поэзиясында биринчи болуп эркин ыр формасын 1966-жылы жазылган «Жылдыздарга саякат» поэмасында чеберчилик менен пайдаланган. Акын Уитмендин, Тагордун, Турсун-Заденин, Твардовскийдин чыгармаларын кыргыз тилине которгон. Ошондой эле өзүнүн чыгармалары көп тилдерге которулуп, «Жылдыздарга саякат» поэмасы 1967-жылы Югославияда басылып чыккан.

60-жылдардан кийин бир катар лирикалык, публицистикалык поэмаларды жазды. Алардын ичинен «Жылдыздарга саякат», «Атам, жерим жана мен», «Жол», «Космос поэмасы», «Ак жыттар», «Кыргыз жаны», «Кесир инсан» поэмалары мазмуну жана формасы жагынан мыкты жазылган.

Аталган чыгармаларынын ичинен дагы айырмаланып турган поэмасы бул «Ак мөөр». 1959-жылы жарык көргөн «Ак Мөөр» поэмасынын баалуулугу – элдик оозеки чыгармачылыкка кайрылып, аны кайрадан асылдык катары окурмандарга жеткирүүдө жаңыча мамиле кылгандыгында, көркөм сөз каражаттарын колдонууда, терең психология менен курч драматизмде, философиялык ой жүгүртүүлөрдө, лирикалык чегинүүлөрдө, эпикалык параллелизм-

де, табиятты көркөм сүрөттөөлөрдө Ак Мөөрдүн татаал тагдыры аркылуу кыргыз элинин бүтүндөй бир доорун, патриархалдык-феодалдык, социалдык ички карама-каршылыктарын, өнүгүш тенденцияларын, салт-санаасын, аң-сезимин ачып бергендигинде. Бул өз убагында кыргыз поэзиясындагы чоң окуя болгон. Бул поэманын чыгышы Эралиевдин нагыз акындык жүзүн көрсөтүп, кыргыз поэзиясына жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачкан. Поэманын ритмикасы, поэтикалык ыкмалары, уйкаш системасы жана башкалар жаңылык тартуулап, бүтүндөй кыргыз акындарын өзүнө тарткан.

Андан кийин «Түнкү сыр» (1960), «Уяң жылдыздар» (1962), «Поэма о любви» (1962), «Күндөр» (1964), «Жайында» (1966), «Жылдыздарга саякат» (1966), «Упрямая красавица» (1966), «Өмүрлөргө саякат» (1967), «Жол» (1969), «Сан тоолор» (1971), «Каркыралар» (1972), «Кыргыз жаны» (1974), «Айыл ырлары» (1976), «Тандалмалар» (1978, 1981, 1983, 1991), «Биздин суулар» (1980), «Избранное» (1981), «Кыштак кечтери» (1985), «Кызгылт багымдат» (1987), «Дүйнө» (1991) сыяктуу бир топ чыгармалары жарыкка чыккан. С. Эралиев кыргыз адабиятындагы мурдагы көлөмдүү поэзиялык чыгармалардын көбүнө мүнөздүү карандай баяндоо, турмуш көрүнүштөрүн натуралистче тизмектей берүү, жадатма прозаизм, дидактизм жана схематизм сыяктуу терс белгилерден кол үзүп, окуянын динамикалуу өнүгүшүнө, баяндоонун экспрессиялуулугуна, ыр саптарынын мукамдуу жана картиналуу болушуна жетишкен. Ошондой эле өзүн чоң табият сүрөтчүсү пейзажист катары да көрсөтө алган. С. Эралиев салттуу поэзияны аземине келтирип чегелей билген, эркин ырдын поэтикалык ойго, анын мазмунуна кыт куйгандай төп келип, чырайына чыгарып турган формасын тапкан. Аны кыргыз ырынын табиятына кынаптап кыйыштырган. Көркөм ыкмалардын, поэтикалык жалпылоолордун бийик деңгээлине батылдык менен көтөрүлүп чыккан.

Акындын чыгармачылыгында котормонун да орду чоң. А. Твардовскийдин «Василиий Теркин» поэмасын которуу менен чоң чыгармачылык мектептен өткөн. 1958-жылы жазылган «Ак Мөөр» поэмасы өз учурунда кыргыз поэзиясындагы чоң жаңылык болгон. Романтикалык эргүү, акындык чеберчилик менен жазылган. Поэма аркылуу кыргыз поэзиясына чоң мүмкүнчүлүктөрдү ачкан. Чыгарманын ритмикасы, поэтикалык ыкмалары, уйкаштык системасы, көркөм сөз караджаттарынын эмоционалдык-экспрессивдүүлүгү, чыгармадагы мүнөздөрдүн ачыктыгы, дааналагы, психологиялуу болушу менен окурмандарды тарткан. 1964-жылы «Өмүрлөргө, жылдыздарга саякат» поэмасы Ч.Айымтматовдун сөзү менен айтканда «кыргыз поэзиясындагы жаңы жээктин ачылышы» болгон. Аталган чыгарма эркин ыр формасында жазылган. Андан кийинки поэмалары: «Жол», «Ак жыттар», «Мезгил вокзалы», «Кесиринсан» эркин ыр формасында жазылып, жаңычылдыгы, идеялык-тематикалык табылгалары менен кыргыз поэзиясынын көркөм-лирикалык жактан байыткан. Эркин ыр формасынан тышкары салтту ыр формасында деле «Жаңыл Мырза» поэмасын мыкты жараткан. Тематикалык, эстетикалык диапазону кенен. С. Эралиевдин акындык чеберчилиги тууралуу белгилүү окумуштуу А. Эркебаев төмөнкүдөй пикирин билдирген: «Албетте, С. Эралиевдин чыгармачылык жолу деле сыдыргыга салгандай тегиз, түз кеткен жок. Анда дагы башка нукура акындардай өйдө-төмөн жагдайлар, өз-өзүнчө тилкелер, идеялык-көркөмдүк ар түрдүү катмарлар, тарамдар орун алды. Айталы, ал адегенде эле адабиятта жарк этип жанбастан, он-он беш жылча окуучулук, шакиртчилик мезгилди баштан кечирди. Анын ортосунда, жогоруда айтылгандай, Москвага барып окуганга, ал жерде орус поэзиясынын тирүү классиги А. Твардовский менен жакындан таанышып, анын атактуу «Василий Теркин» деген поэмасын түп нускага тете кылып которгонго үлгүрдү. Мындай чыгармачылык алака жана бай тажрыйба акыры С. Эралиевди жалпы жамырай журтка тааныткан «Ак Мөөр» дастанына (1958) алып келди.

Ошондон тарта С. Эралиев эл оозунда, окурман журтунда айныксыз талантка эгедер акын катары эстелди да калды. Кадимки салттуу (уйкаш) кыргыз ырына таянган, балдай ширин тилибизге кыт куйгандай уютулган, социалдык бай мазмунга сугарылган, армандуу да азаптуу махабат баянын ширелүү даңазалаган «Ак Мөөрдөн» көп өтпөй С.Эралиев 1960-жылдардын башында Батыш акындарынын (А. Рембо, П. Элюар, У. Уитмен, Р. Фрост, Э. Верхарн, К. Эндберг сыяктуу) ырларындагыдай уйкашы жок, бирок күчтүү сезимдери, терең ойлору бар, жер менен кошо Көктү көксөгөн каармандын эрдиги менен кайгысын талдаган «Жылдыздарга саякат» аттуу жаңы дастан жазып кыргыз гана эмес, ошол кездеги бүткүл Союздун окурмандарын, ал гана түгүл аша таанымал акындары менен сынчыларын бир чети таң калтырып, талаш туудурса, экинчи чети туура түшүнгөндөрүн кадыресе тамшандырды». Окумуштуунун бул айткандары жеке эле С. Эралиевдин акындык, чыгармачылык эволюциясына эмес, көптөгөн кырыгз акындарына мүнөздүү десек жаңылышпайбыз. Кыргыз акындарынын ошол мезгилдеги муунга мүнөздүү, көпчүлүгү так ушул сыяктуу чыгармачылык жолду басып өтүшкөн. Окумуштуу андан ары оюн төмөнкүчө улайт: «Бара-бара ушул эки агым, эки түйүн: бир жагы кыргыз кыртышын, тарыхын, табиятын салттуу ырда зергерчесинен күүлөп ырдаган, экинчи жагы – Жер, космос, аалам, дүйнө байланыштарын аңтарып, илим менен техника жетишкендиктерин жана алааматтарын жүрөктөн кардиограмма сындуу өткөргөн эркин формадагы ырлар жана дастандар түзүмдөрүн жаратты. Биринчи топко акындын «Сан тоолор», «Каркыралар», «Кыргыз жаны», «Айыл ырлары», «Биздин суулар», «Кыштак кечтери», «Кызгылт багымдат» жыйнактары, «Жаңыл Мырзанын керээзи», «Таңкы ойлор», «Кошойдун жери» поэмалары кирсе, экинчи топту азыркы замандын ааламдашуу маселелерине арналган «Атам, жерим жана мен», «Космос поэмасы», «Кесиринсан» (Чернобыль алааматы тууралу) публицистикалык – философиялык чыгармалары түзөт.

Биз муну тек гана форманын көрүнүшү эмес, жаңы мазмунга байланышкан стилди эки башка агым: биринчиден, кубулуштарды, алардын байланыштарын жайбаракат изилдөө, табият, тарых кыймылын лирикалык каармандын ички дүйнөсүнүн өсүшү менен биримдикте жөнөкөй, ачык-айрым көрсөтүү, экинчиден, дүйнөнү көбүнчө метафоралык каражаттар, жалпыланган символдор, образдар аркылуу чагылтуу катары карашыбыз абзел. Албетте, бул эки ыкма өз-өзүнчө обочолонуп, бөлүнүп турган структуралар эмес, тескерисинче, бири биринтолуктаган, дүйнөнүн, мезгилдин өз ара байланыштарын, биримдигин, бүтүндүгүн ырастаган, бир эле акындын жан дүйнөсүнөн жаралган көркөм дөөлөт-туундулар. Булар менен катар С. Эралиевдин поэзиясында бөтөнчө устаттык, нукура шекер тил, артыкча назик сезим, накта коргошундай салмактуу ой менен чегерилген дагы бир катмар бар. Ал – акындын махабат, өмүр жана өлүм, согуш жана муң сыяктуу түбөлүктүү темаларга терең каныккан лирикалык жана философиялык ырлары, «Жол» поэмасы. С. Эралиевди өмүр бою коштогон, аны күнү-түнү уктатпаган бул темалар өзү менен кошо кетет сыягы. Мындан башкача болуусу мүмкүн эмес: улуу таланттар, залкар адамдар дал ушундай узанышат жана жашашат». А. Эркебаев Сүйүнбай Эралиевдин адамдык жана акындык эрдиги // Кыргыз туусу. – 14-октябрь. – 2011.

**Колдонулган адабияттар:**


1. 20 кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. – Б, 2004.
2. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. – 1 том. – 1987.
3. Kitepkana.kg http\\ kitepkana.kg
4. Literatura.kg http\\www.literatura.kg articles


**Рецензент: пед. илим. канд., доц. м.а. Мамбетова З.Ж.**